## Кредиттер

*(2014-жылдын 3 айы үчүн)*

**1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы**




2014-жылдын январь-март айларында коммерциялык банктар сом түрүндө сыяктуу эле, валютада да карыз алышуунун пайыздык ченинин төмөндөө алкагында кредит портфелинин көлөмүнүн көбөйүүсүн уланткан. Мурдагыдай эле, кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктардын чогуу алгандагы кредит портфелинин өсүшүнүн өзгөчөлүгүнүн бирден бири болуп мамлекет тарабынан бул тармакты колдоо боюнча чараларды жүзөгө ашыруудан улам мүмкүн болгон айыл-чарбага берилген кредиттердин көлөмүнүн байкалаарлык өсүшү болгон.

Ушуну менен бирге кароого алынып жаткан мезгил ичинде банк системасынын кредит портфелинин сапаттык мүнөзүнүн бир аз начарлоосу байкалган. Алсак, кредит портфелинин жалпы көлөмүндө мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздардын үлүшүнүн бир аз төмөндөшү 3,2 пайызды түзгөн, бирок сандык мааниде алганда мындай кредиттердин көлөмү жыл башынан тартып 13,7 пайызга өскөн. Мында, кредит портфелинин жалпы көлөмүндө пролонгацияланган кредиттердин салыштырма салмагы 0,6 пайыздык пунктка, 3,8 пайызга чейин жогорулаган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде “Айыл-чарбаны каржылоо-2” мамлекеттик долбоорду ишке ашыруу башталган, анын максаты болуп жазгы талаа иштерин өз убагында жүргүзүү жана андан ары айыл чарбасында мал чарбачылыгын жана кайра иштетүү секторун өнүктүрүү үчүн өлкөбүздүн айыл чарба өндүрүүчүлөрүн мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүү саналган. Өкмөт долбоордун шарттары боюнча өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы сектору үчүн республикалык бюджеттин каражатынан жылына 10 пайыз чени боюнча жана айыл чарба продукциясын кайра иштетип чыгуу сектору үчүн жылына 9 пайыз чени боюнча жеңилдик кредиттерин жайгаштыргандыгы үчүн коммерциялык банктарга жана атайы финансы-кредиттик мекемелерге субсидия берген. Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата долбоор боюнча жалпы кредиттик карыз банктык кредит портфелинин чогуу алгандагы көлөмүнөн 1,7 млрд. сомду же 2,8 пайызды түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан тартып 13,7 пайызга көбөйүү менен 61,3 млрд. сомду түзгөн. Мында, кредит портфелинде сом түрүндө бөлүгү 27,9 млрд. сом өлчөмүндө түптөлүү менен 11,5 пайызга көбөйгөн. Март айынын акырына карата чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү сомдук эквивалентте 33,4 млрд. түзгөн, ал эми жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчтөн 15,5 пайызга арткан.

2014-жылдын январь-март айларында банктардын улуттук валютадагы кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чени 1,8 пайыздык пунктка, 19,6 пайызга чейин төмөндөгөн, ал эми чет өлкө валютасында чен 14,6 пайызды (-5,4 п.п.) түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата тармактар боюнча банктардын кредит портфели жыл башындагы көрсөткүчкө салыштырганда төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн: кредит портфелинин ири бөлүгүн ээлеген соода тармагына берилген кредиттердин үлүшү 0,4 пайыздык пунктка (37,2 пайызга чейин) көбөйгөн. Ошондой эле, өнөр жай тармагына берилген кредиттердин салыштырма салмагы 8,5 пайызга чейин (+0,4 пайыздык пунктка) жана айыл чарбасына берилген кредиттердин - 18,5 пайызга чейин (+1,1 п.п.) көбөйгөн. Азаюу керектөөгө берилген кредиттер чөйрөсүндө катталган, алардын үлүшү 8,1 пайызга чейин азайган. Башка кредиттердин салыштырма салмагы да 0,4 п.п., 8,5 пайызга чейин, курулушка – 0,4 п.п., 5,4 пайызга чейин, социалдык кызмат көрсөтүүлөргө - 0,1 п.п., 1,3 пайызга чейин жана транспортко – 0,1 п.п., 2,0 пайызга чейин төмөндөгөн. Ушуну менен бирге байланышка, даярдоо жана кайра иштетүү ишканаларына берилген кредиттердин үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша 0,1 жана 0,2 пайызды түзүү менен өзгөрүүсүз калган.

Өз кезегинде көпчүлүк банктардын портфели айрым тармактарда жогорку концентрациялануууда калган. Алсак, тармактарда банктардын кредит портфелинин концентрациялануусун көрсөткөн индекс 0,50 түзгөн, бул көпчүлүк банктардын кредиттерди өзгөчө эки тармак ортосунда бөлүштүргөндүгүн көрсөтөт.

Кредиттөө рыногунун жалпы концентрациялануу көрсөткүчү 0,10 деңгээлинде сакталган, бул рынокту 10 банк ортосунда бөлүштүрүүгө эквиваленттүү.

Жыл башынан тартып банктардын кредит портфелинин убактылуу түзүмүндө 1 айдан 6 айга чейинки мөөнөткө берилген кредиттердин көлөмүнүн азаюусу катталган. Ошентип, кыска мөөнөттүү кредиттердин (бир жылга чейинки) чогуу алгандагы салыштырма салмагынын 17,0 пайыздан 16,4

пайызга чейин, ошондой эле мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздардын үлүшүнүн 3,3 пайыздан 3,2 пайызга чейин төмөндөшүнө байланыштуу узак мөөнөттүү кредиттердин үлүшү 79,8 пайыздан 80,4 пайызга чейин жогорулаган. Кредит порфелинин мындай түзүмдүк бөлүштүрүүсү өз кезегинде дюрация көрсөткүчүнүн 29,6 айдан 30,1 айга чейин өсүшүнө алып келген.

2014-жылдын январь-март айларында жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 18,0 млрд. сомду түзгөн, бул 2013-жылдын тиешелүү мезгилинде берилген суммадан 49,7 пайызга жогору. Улуттук валютада берилген кредиттер 58,3 пайызга, ал эми чет өлкө валютасында - 42,0 пайызга көбөйгөн.

**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




2014-жылдын январь-март айларында улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 19,6 пайызды түзүү менен 1,8 пайыздык пунктка, чет өлкө валютасында – 5,4 пайыздык пунктка, 14,6 пайызга чейин төмөндөгөн.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




**4-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




Соодага берилген кредиттердин көлөмү 49,4 пайызга көбөйгөн – аталган тармак мурдагыдай эле, жаңыдан берилген кредиттердин түзүмүндө маанилүү тармак болуп саналган (мезгил ичинде орточо алынган салыштырма салмак – 47,9 пайыз). Кароого алынып жаткан мезгил ичинде өнөр жайды

кредиттөөнүн олуттуу өсүшү (77,6 пайыз) байкалган, мындай кредиттердин үлүшү 0,5 пайыздык пунктка, 7,7 пайызга чейин көбөйгөн. Айыл чарбасына берилген кредиттердин көлөмү 73,3 пайызга өскөн, бул алардын үлүшүнүн 3,2 пайыздык пунктка, 20,8 пайызга чейин жогорулашына алып келген. Ошондой эле, керектөө кредиттеринин көлөмү (+29,8 пайыз) өскөн, бирок алардын үлүшү 7,5 пайыздан 6,7 пайызга чейин азайган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде байланыш тармагына берилген кредиттердин көлөмү 50,0 млн. сомдон 3,3 млрд. сомго чейин олуттуу өскөн. Ипотекага, транспортко, байланышка, даярдоо жана кайра иштетүү ишканаларына, курулушка жана социалдык кызмат көрсөтүүлөргө берилген кредиттердин салыштырма салмагы суммада 8,9 пайызды түзгөн. "Башкаларга" берилген кредиттердин үлүшү 1,7 пайыздык пунктка азаюу менен 7,3 пайызды түзгөн.

Тармактар боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендин өзгөрүүсү ар башка багытта болгон, ал эми чет өлкө валютасында чен негизинен төмөндөөнү көрсөткөн. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чендин төмөндөшү социалдык кызмат көрсөтүүлөргө берилген кредиттерден тышкары, бардык тармактар боюнча катталган. Мында, улуттук валютада эң төмөнкү чен боюнча кредиттер даярдоо жана кайра иштетүү ишканаларына (мезгил ичинде орточо алганда 14,4 пайыз), ал эми жогорку чен боюнча кредиттер байланышка (31,0 пайыз) берилген.

Чет өлкө валютасында чендер өнөр жай тармагынан тышкары, бардык тармактарда төмөндөгөн. Чет өлкө валютасында эң жогорку чен боюнча кредиттер даярдоо жана кайра иштетүү ишканаларына (мезгил ичинде орточо алганда 20,0 пайыз), ал эми эң төмөнкү чен боюнча кредиттер курулушка (мезгил ичинде орточо алганда 13,2 пайыз) берилген.